5

«Мыйзам жазуу иштерине аралашып көрсөмбү деген ниетим бар»



10

Бейөкмөт уюмдар агентпи?




Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

4-июнь, 2015-жыл
№3 (03)
saresep.kg

# 96 депутат Президентке, улуттук аруулукка жана келечекке «БОМБА» коюшту




2-бетте



Сиз кандай апасыз?

6-бетте



700 000 тонна таштанды импорттогон мамлекет

13-бетте



Желеге чырмалышкан өмүрлөр

14-бетте



# Кыргызстандын тышкы иштер министрлиги Украинага нота жолдоду

КР ТИМи Украинанын Жогорку Радасынын депутаты, Украина бийлигинин крым татарларынын иши боюнча өкүлү Мустафа Жемилёвго байланыштуу нота жиберди. Ал Фейсбуктагы баракчасына Кыргызстандын аброюна, суверинитетине шек келтирген сөздөрдү жазган. Мустафа Жемилев 2-июнда “Манас” аэропортунда кыргыз чек арачылары тарабынан бир нече убакытка кармалганы айтылган. Жемилев мындай мамилени Кыргызстандын “ээлеринин” (Москванын) буюртмасы деп түшүндүргөн. Ал Кыргызстандын башка өлкөлөргө көз каранды абалда калганына кейигенин да кошумчалап өткөнүн Украинанын “Главпост” сайты да жазган болчу.

Кыргызстандын ТИМи жиберген нотада Жемилев өз сөзүнө жооп берүүсүн, ошондой эле Украина менен Орусиянын жеке мамилесине Кыргызстанды аралаштырбоо керектиги айтылган.

Мустафа Жемилёв Бишкек шаарында өткөн “Борбордук Азиядагы миграция” маселесине байланыштуу уюштурулган эл аралык жыйынга катышкан болчу.


## Кыргызстанда тамеки чегүүнүн кесепетинен 6000 адам о дүйнөгө аттанат



“Кыргызстанда жылына тамеки чегүүнүн айынан ооруган 30 жашка чейин жана андан бир аз улуураак жарандардын 6 миңи бул дүйнө менен кош айтышат”, – дейт Дары саясаты боюнча медициналык кызмат башкармалыгынын башкы адиси Нүргүл Ибраева.

Анын айтымында: “Бул өлүмдөрдүн 96 пайызы инфекциялык эмес ооруларга туш келет. 50 пайыз учурда жүрөк-кан тамыр ооруларынын пайда болушуна себепчи болот. Тамеки 25 оорунун өнүгүшүн козгогон опурталдуу коркунуч болуп саналат. Тамекиге байланыштуу өлүмдөрдүн себебинен биринчиден, жүрөк-кан тамыр ооруларына кирген инфаркт, стенокардия, гипертониялык оорулар, мээге кан тамуу, тамырлардын жарактан чыгышы, буттардын чиришине түрткү берет. Экинчиден ар бир экинчи тамеки чегүүчүдө өпкө рагы, насыбайды көп аткандарда болсо ооз көңдөйүнүн рагы пайда болот. Үчүнчүдөн, өпкөнүн абструктивдүү өнөкөт оорулары болгон өнөкөт бронхит, аллергиялык бронхит, өпкөнүн эмфиземасынан да адамдар өлүм коркунучуна дуушар болушат.

“Тамеки 30 жаштан өткөн эркектердин 22 пайызын, аялдардын 5 пайызын бул дүйнө менен кош айттырат”, – дейт Ибраева.



**10-берене. Жарандардын тукум улоочу ден соолугун сактоо жана коргоо**

1. Жынысына, расасына, жаш курагына, этникалык таандыктыгына, тилине, сексуалдык багытына, майыптыгына, үй–бүлөлүк абалына, туткан динине, саясий жана башка көз караштарына, алган билимине, ата тегине, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларына карабастан, жарандар сексуалдык жана тукум улоочу ден соолугун сактоого жана коргоого жана кимдир бирөө тарабынан пайдалануунун бардык формаларынан, анын ичинде сексуалдык жактан пайдалануудан жана физикалык коркутуудан коргоо укугуна ээ болуп, сексуалдык жана тукум улоочу жашоосунда жана медициналык же башка кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууга жетүүдө басмырлоого дуушар болбошу керек.

# 96 депутат Президентке, улуттук аруулукка жана келечекке «БОМБА» коюшту

Жогорку Кеңеш 21-майда “Жарандардын тукум улоо укуктары жана аларды ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө” мыйзамын 96 “макул” добушу менен кабыл алып, КРнын Президенти Алмазбек Атамбаевге жолдоду. Ошол мыйзамда кызык нерселер көп, бирок биз бирөөнө эле токтолобуз. Окурман күткөн “жаш балдарга сексуалдык билим берүүгө” эмес, ал маселеге оролгон «БОМБА» жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

Эмнегедир мыйзамдын аталышына ТУКУМ УЛОО УКУКТАРЫ деген сөз гана чыккан. Мыйзамдын главаларынын аталышында да ТУКУМ УЛОО УКУКТАРЫ гана жазылган. Бирок анын текстинин 37 жеринде кезиккен ТУКУМ УЛОО УКУКТАРЫ деген түшүнүктүн алдында дайыма СЕКСУАЛДЫК деген сөз бар.

Ошондуктан мыйзамдын чыныгы маңызы “Жарандардын тукум улоо укуктары жана аларды ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө” эмес, “Жарандардын СЕКСУАЛДЫК укуктарын ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө”.

Бул эмне дегендик? Биз 96 депутат кабыл алып, акырын Президентти карай жылдырып койгон мыйзамдын үч эле беренесинен кыстырма беребиз. Окурман калганын www.kenesh.kg сайтынан окуп алса болот:

**10-берене.** Жарандардын тукум улоочу ден соолугун сактоо жана коргоо: 1. ...СЕКСУАЛДЫК багытына карабастан, ...коргоо укугуна ээ болуп, ... кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууга жетүүдө басмырлоого дуушар болбошу керек.

**4-берене.** Жарандардын тукум улоочу ден соолугун коргоо жаатындагы мамлекеттик саясат төмөнкүлөргө багытталган: ...– СЕКСУАЛДЫК жана тукум улоо укуктарды ишке ашырууда адам укуктары менен эркиндиктерин сактоонун артыкчылыгы...

**8-берене.** Жарандардын тукум улоо укуктары жаатындагы жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы... ...бейөкмөт уюмдары менен биргеликте жарандардын СЕКСУАЛДЫК жана тукум улоо укуктарды ишке ашырууда ...МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТТЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУГА катышышат. ...жарандардын өздөрүнүн СЕКСУАЛДЫК жана тукум улоо УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУДА ... ШАРТТАРДЫ КАМСЫЗ КЫЛАТ.

Эми окурманга түшүндүрмө берели. Эгер бул мыйзам кабыл алынып калса салттык, эрди-катындан турган үй бүлө менен бир катарда эркек-эркек жана аял-аял үй бүлөсү нормага айланат. Мындай ыплас мамилелер мектепке барган балдарыбызга адаттагы көрүнүш катары окутулат. Аларды норма катары кабыл алгандар жакшы адам болушат, туура эмес дегендер гомофобия деген психикалык ооруга чалдыккан адам катары психбольница жана абакка камалат. Ошентип, ай ааламга шылдың болобуз.

Эми “Жарандардын тукум улоо укуктары жана аларды ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө” мыйзамын демилгелеген жана кабыл алгандарга бир нече суроо:

*- Эмне үчүн мыйзамдын текстинде ТУКУМ УЛОО УКУКТАР деген түшүнүктүн алдында дайыма СЕКСУАЛДЫК деп келген, бирок мыйзамдын жана главаларынын аталышында бул сөз жок?*

*- Депутаттар мыйзамды окубай эле кабыл ала берет деген чынбы? Окусаңар, аталышындагы мындай кыйтырлыкты кантип байкабай калдыңар? Же мыйзам кабыл алуу үчүн силерге бир нерсе берилдиби же силерди кимдир бирөөлөр коркуттубу?*

*- Роза Отунбаева бул мыйзамды сүрөп баратат деген чынбы? Кабыл алынбаса чоң проблемалар башталат, деп айтылдыбы силерге?*

*- Мындай мыйзамды, мынчалык куулук менен кабыл алып коюп, эмки шайлоого кайсыл бетиңер менен бара жатасыңар?*


## Т. Сариев: Туристтер 5 миллиард доллар калтырышы мүмкүн



Ысык-Көл областындагы 2015 туристтик сезонунун ачылышында сүйлөгөн сөзүндө премьер министр: “Дүйнө жүзүндө турист талашууда чоң атаандаштык пайда болду. Ошол себептен туристтерге жакшы мамиле кылыш керек. Туристтик сезондун ачылышы Ысык-Көл облусунун гана эмес, бүткүл Кыргызстандын деңгээлиндеги маанилүү окуя. Туризмди өнүктүрүү үчүн тартиптен баштап, тейлөөнүн сапатына көңүл бурушубуз керек. Тиешелүү шарттарды жогорку деңгээлде камсыздоо маанилүү. Ошол эле учурда салтыбызды, маданиятыбызды жана меймандостугубузду унутпашыбыз керек. Туристти жылмайып тосуп алып, жакшы тейлеп, жакшы шарт түзүп берсек, досторунун арасында отурганда, ал Ысык-Көл жөнүндө жакшы пикир калтыра алат”, – деди.

“Эгерде Ысык-Көлгө жылына 1 миллион турист келип, ар бири 500 долларга эс алып кетсе, 500 миллион, 1000 долларга эс алса, 1 миллиард доллар киреше калтырып кетет. Ал эми алардын көпчүлүгү көлдө эс алыш үчүн 2000 доллар деле сарптап кетишет. Ошондо бул көрсөткүч 5 миллиард долларга жетет”, – дейт КРнын премьер-министри Темир Сариев.

# Сексуалдык билим берүү коомдук талкууга коюлушу керек




**21-майда парламент "Жарандардын репродуктивдүү укуктары" тууралуу мыйзам долбоорун үчүнчү окуудан жактырды. Аталган мыйзамдын 13-беренесине ылайык, мектеп окуучуларына сексуалдык билим берүү каралган. Бирок бул мыйзам коомчулукта кызуу талкууну жаратып, карама-каршы пикирлер айтылууда...**

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ



**Жогорку Кеңештин "Ар намыс" фракциясынын депутаты, Турсунбай Бакир уулу:**

– Мен Жогорку Кеңештеги бир ишти айтып кетейин. Жаш балдарга сексуалдык билим берүү боюнча мыйзамга добуш берүү убагында мен жок элем, менин ордума кнопканы басып салышыптыр. Бирок бары билет, мен бул мыйзамга каршымын. Башка өлкөдөн келип, башка диндеги бирөөнүн биздин балдарыбызга ушуну үйрөтүүгө жол бергендерге мен таң калам. Бул атаэненин, диндин вазыйпасы. Биз бул мыйзамга каршы чыкканда, Роза Отунбаева эжекебиз баш болуп, баары кайрадан Жогорку Кеңешке басым жасабадыбы. "Ушул мыйзамды депутаттар кабыл албаса, анда ар бир өмүрүн кыйган өспүрүм кыздарга жооп берет" деп. Мына ушундай сөздөр айтылып депутаттардын көбүнө басым жасалды. Бул тышкы күчтөрдүн таасири менен кабыл алынган мыйзам. Демилгечилер эл аралык уюмдардан коркуп жатышканын айтышты. Бирок ким экенин айтышпайт. Өкүнүчтүү бул мыйзам өтүп кетти. Эми Президент элибиздин келечегин, ыйманын ойлосо бул мыйзамга кол койбойт. Эгер ушул мыйзам күчүнө кирип калса, мен балдарымды мектепке окутпай коём. Башка жеке мектеп таап окутам.



**Жогорку Кеңеште эркин депутат, Өмүрбек Абдырахманов:**

– Жаш өспүрүмдөргө сексуалдык билим берүүнүн эч кандай жаманчылыгы жок. Биздин өлкөдө күн санап жаш кыздарды зордуктоо, кыздарды ала качуу, жаш кыздардын боюна бүтүп төрөгөн убактар аябай көп болуп кетти. Ошол үчүн мектептерде балдарга ылайык кылып, аша чаппай сексуалдык билим берүү туура болуп эсептелет. "Сексуалдык билим" десе эле башка нерсени ойлобош керек. Сексуалдык билим жаш балдардын келечектеги жашоосу болуп эсептелет. Жашы жете элек 7–9 жаштагы балдар кыздарга дагы "мектепте түз жүр, бирөөгө алданба" деп айтыш керек. Мен бул мыйзамдын автору эмесмин, бирок колдоп бердим. Бүгүнкү күндө биздин өлкөдө 2–3–5 жаштагы кыздарды зордуктап атышпайбы. Атасы кызын зордуктап атат. Жашы жете электерге сексуалдык билим берүүдөн уялбай, мына ушундай окуялардын болуп жатканынан уялышыбыз керек. Кыргыздарда ушундай окуялар болуп жатканы уяла турган иш болуп атат.



**"Эркин эл" саясий партиясынын лидери, Мавлян Аскарбеков:**

– Бул өтө актуалдуу тема. Буга чейин "Эркин эл" саясий партиясы, Турсунбай Бакир уулу, Чубак ажы Жалилов жана башка уюмдар менен биргеликте, 2013-жылы мамлекетте мыйзамсыз таратылып жаткан, сексуалдык билим берүү китепчелерине расмий түрдө тыюу салдырдык эле. Бул өтө ыплас китепче. Тилекке каршы бул мыйзам 96 депутат тарабынан кабыл алынды. Бул мыйзамды талдап көрө турган болсок, өтө коркунучтуу мыйзам. Эгерде президент бул мыйзамга кол коё турган болсо, өспүрүмдөр эле эмес жаш балдардын руханий дүйнөсүн, психикасын, жан дүйнөсүн талкалоого мыйзамдуу жол ачылат. Бул жерде 9 – 11-класстын балдары жөнүндө сөз болгон жок. Жаш балдардын 1–2-класстын балдарын айтып жатат. Тилекке каршы бул мыйзамдын мааниси жана түп нускасы коомчулукка жетпей жатат. Ачык теле-дебаттар, коомдук талкуулар болгон жок. Сексуалдык билим берүүдө, ата-энелер билбеген көп нерсе бар. Эртеңки жаш балдардын келечегине бүгүн балта чаап жатышат. Бул боюнча биз өз аракеттерибизди кылабыз. Президентке кайрылуу жолдойбуз. Бирок ата-энелер өз балдарынын келечегин ойлосо, бул маселеге кайдыгер карабаш керек. Жапырт ушул маселеге каршы чыксак ыплас мыйзамдарга жана ыплас иштерге жол берилбейт.



**Жогорку Кеңештин депутаты, Дастан Бекешов:**

– Жашы жете элек балдарга сексуалдык билим берүүнү мен колдодум, бул керек. Ак үйдүн алдына чыгып алып, активисттер каршы чыгып атышат. Бул туура эмес. Жаштарда сексуалдык маалымат болсо, алар жаман иштерге баруудан сактанышат. 18 жашка чейин жыныстык мамилеге барбаш керек экенин айтыш керек.



**Жогорку Кеңештин "Ар намыс" фракциясынын депутаты Айнура Алтыбаева:**

– Бул мыйзамдын демилгечиси Дамира Ниязалиева. Бирок менин эсимде жок, менимче мен дагы бул мыйзамды колдогомун. Азыр жакшы эстей албай атам. Бирок ушул мыйзам эле зордукталган балдардын, укугун коргоого, сактанууга жардам берет дегенден алысмын. Ар бир мыйзам өз күчүндө иштеш керек.



**Жогорку Кеңештин депутаты, Алмазбек Баатырбеков:**

– Мектеп окуучуларына жылына эки жолу сабак берип, кыздар менен эркектерди өзүнчө бөлүп алып окута турган болсо, пайдасы болот деп ойлойм. Эгерде Европадагыдай эртеден-кечке окутса балдарга терс таасирин тийгизет. Мен жыйында жок болгондуктан бул мыйзамга добуш берген жокмун.

# Светлана Такырбашева: **Жүрөгүндө мээрими бар жакшы адамдар көп**

**Беловодск айылындагы психо-неврологиялык социалдык стационардык мекемеде балдар күнүнө арналган иш-чара болуп өттү. Иш-чараны KG-групп курулуш компаниясы уюштуруп, балдарга белек беришти. Аларга бир күндүк болсо дагы майрамдык маанай тартуулашты.**

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Кичинекей майып балдарга концерт абдан жагып, жүздөрүнөн жылмаюу такыр кеткен жок. Концерт учурунда балдарга көбүктөн шар үйлөгөн оюнчуктар, асманга учкан шарик, ар түрдүү жыты бар атырлар жана тамак аш берилди. Кичинекейлер аябай сүйүнүп, ар бири мультфильмдердин каармандары менен сүрөткө түшүп, ортого чыгып көпкө чейин бийлеп, ырдашты. "Клоун" жана "каныша" каармандары балдардын көңүлүн көккө көтөрүштү.

KG-групп курулуш компаниясынын генералдык директору Имамидин Ташов: "Балдарды коргоо күнүнө карата куттуктап келдик. Бирок биз бир аз кечигип калдык. 1-июнь күнү балдарды баары эле куттукташмак. Балдарга күндө маани бергенибизди билдириш үчүн, бүгүн 2-июнда атайын иш-чара уюштуруп отурабыз. Бул жердеги максатыбыз пиар кылып, таанылуу эмес. Чын жүрөктөн, чын ыкластан балдарга майрам, бактылуу маанай тартуулadык. Күнүгө жакшылык кыла албасак да, бөбөктөрдүн бир күндүк жылмаюусу да биз үчүн чоң бакыт. Биздин бул интернат үйүн тандаганыбыздын да себеби бар. Анткени бул жерге буга чейин эч ким келбептир. Көп маани деле берилбейт экен. Майып болгон ымыркайлар көбү башка интернат үйлөрүндө багылат экен. Бул жерде майыптар, төшөктөн тура албаган балдар да бар экен. Жашообузга шүгүр келтирип өзүмдүн командам менен бир күн болсо да жумушумду токтотуп, бул жакка келип отурабыз. Эми биз буларга күнүмдүк керектелүүчү буюмдарды өзүбүздүн деңгээлибизге жараша уюштурдук. Маанайларын көтөрүү максатында буларга балдардын шоу-концертин уюштурдук. Жакшы ак дасторкон жайып, баарына ден-соолук каaладык", - деди.

Балдардын психо-неврологиялык социалдык стационардык мекемесинин жетекчиси Светлана Такырбашева эжеке: "Бизде 245 бала Кыргызстандын бардык региондорунан келген. Менде көбү оорукчан балдар. Мисалы, ДЦП, аутисттер, гидроцефолия, порездер сыяктуу көп оорулар менен оорушат. Жаш өзгөчөлүгү 4 жаштан 18 жашка чейинки балдар жашына жараша, оорунун диагнозуна жараша тогуз группага бөлүнгөн. Анын ичинен 89 бала төшөктөн тура албайт. 43 бала эмгектейт. Балдарды караган 200 адис тарбиячы жана медайымдарыбыз бар. Балдарга төрт маал тамак берилет. Биздин максатыбыз – балдардын курсагын тойгузуп, кийинтүү эле эмес, оорукчан балдар болсо дагы ар түрдүү ийримдерди ачканбыз. Алар ырдаганды, бийлегенди жакшы көрүшөт. Кийизден ар кандай буюмдарды жасашат. Бишкектеги кайрымдуулук концерттерде менин балдарым барып ырдап, бийлеп беришет. Кыргыз эстрада жылдыздары менен ырдаган балдарым да бар. Балдардын жашоосу кызыктуу, ыңгайлуу болсун деп күчүбүздүн баарын ошого жумшап жатабыз. Учурда оорукчан балдардын саны азайган жок. Өзгөчө, тура албаган балдар кезекте көп. Көпчүлүк региондордон биздин интернатка алып келишет. 80 пайыз баланын ата-энеси бар деп эсептелгени менен, балдардын ал-акыбалын сурап келген ата-энелердин саны 10-15 пайызды гана түзөт. Калгандары туура эмес даректерин жана телефон номурларын беришет. Буларды таштанды балдар деп койсок болот. Балдардын атасы да, энеси да биз болуп калганбыз. KG-группка окшоп жардам берген мекемелерге ырахмат. Жүрөгүндө мээрими бар жакшы адамдар көп. Ошолордун жардамы аркылуу эч нерседен кем болуша элек. Өкмөт бөлгөн акча жетпейт. Учурда дары-дармек биздин эң көйгөйлүү маселебиз болуп жатат. Себеби Өкмөттөн берген акчага 8 дарынын гана түрүн алдык. Мисалы, эпилепсияга жана приступу бар балдарга ийне, шприц, кебез сыяктуу нерселерге акча каражат жетишпейт.

Орусча да, кыргызча да шаңдуу ырдаган 18 жаштагы Айгүл жашоодо көп нерсеге үмүттөнгөн кыялдары бар экен. Бул кыздын ырдаганын көрүп бир чети сүйүнсөң, бир чети карап ыйлагың келет. Келечекте чоң сахнага чыгып ырдагысы келген Айгүл апасынан ырдаганды үйрөнгөн экен.

Ал эми ыр дүйнөсүнө кызыгып ырдаганды жакшы көргөн Жылдыз 16 жашта. Шоу бизнес чөйрөсүнөн Мирбек Атабеков менен Анжелика Бекболиеваны жакшы көрүп, ырларын угат. Надя жана Фатима деген достору бар экенин айтып аябай кубанып отурду. Бир гана ырдап бийлегенди жакшы көрбөстөн, жиптен ар түрдүү байпактарды жана сумкаларды токуйт экен.





KG-групп курулуш компаниясынын генералдык директору Имамидин Ташов







18 жаштагы Айгүл жашоодо көп нерсеге үмүттөнгөн кыялдары бар экен



Ыр дүйнөсүнө кызыгып ырдаганды жакшы көргөн Жылдыз 16 жашта



Балдардын психо-неврологиялык социалдык стационардык мекемесинин жетекчиси Светлана Такырбашева

# Улукбек Кочкоров: **“Чек арада мыйзам бузууларга укуктук баа берилбей жатат”**

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

**– Чек ара маселесинде адам өлүмү менен аяктаган окуялар азыр дагы болуп жатат. Мунун негизги себеби эмнеде дейсиз?**

– Акыркы кездерде чек арада жагымсыз көрүнүштөр дагы кайталанып жатат. Бул маселенин башкы себеби чек арага чектеш жайгашкан аймактардагы элдин социалдык көйгөйлөрүнүн чечилбегендиги болуп эсептелет. Акыркы Кадамжайда жана Баткенде болуп өткөн окуялар дагы ушундай көйкөйлөрдүн негизинде келип чыкты.Элдин жумушсуздугу, соода –сатык менен тирлигин өткөрүп келген жарандар өзбекстанга товар ташышат дегендей, ошондой жагдайларда атышуулар, чыр-чатактар келип чыгып жатат. Жергиликтүү бийлик тарабынан түшүндүрүү иштери дагы жүргүзүлбөгөндүктөн айрым маселелерди жарандар билбей жатышат. Чек ара чатактарынын негизги себеби социалдык маселердин чечилбегендиги деп айтсак болот. Акыркы кездери улуттук коопсуздукту камсыз кылган жакшы иштер аткарылды. Ошол эле Кадамжай Баткен жолу салынып, бүгүнкү күндө колдонууга берилди. Ушул жол менен Баткен областы 90% өзбек тарапка көз карандылыгынан чыкты десек болот. Мурда Сох анклавы аркылуу өткөндө ар кандай жагымсыз жагдайлар болуп келген. Бирок ошол эле учурда бир айыл өкмөт көз кананды болгон жерлерибиз дагы бар. Бул багытта дагы иштер аткарылыш керек. Сугат суулары талаш болгон дагы айылдар бар. Чыр-чатак ушул суу талаштан дагы көп чыгат. Жол маселеси чечилген соң суу көйгөйүн чечүү керек деп Жогорку Кеңеште айтып жатабыз. Союз учурунда иштеп келген суу түтүктөрү азыр таланып–тонолуп, Ошол жерден суу ичкен Кызыл–Бел, Кара Бак айылдары суусуз калган. Мурда кыргызстанды камсыз кылган суулар азыр Тажикстанда чек арага чектеш аймактарда жаңы айылдар пайда болуп жатат. Ошол себептен биздин тургундарга басым көбүрөөк болот.

**– Өкмөт бул маселелерди чечүү үчүн бюджетте акча каражат жетишсиздигин айтып келатышпайбы?**

– Ушул маселелерди убагында карап улуттук коопсуздугубузга канчалык деңгээлде кооптуу кыргызстандын бүтүндүгүн сактап калууга канчалык карама–каршы иштер аткарылып жаткандыгына биздин өкмөт маани бериш керек. Биздин чек ара аймактарындагы көз карандылыктын айынан жарантар көчүп кетип жатышат. Ал эми тажиктер жана өзбектер улам биздин аймакты басып алууга кызыктар болуп биздин аймакка турукташтууга аракеттер болуп атат. Бул Кыргыз мамлекети үчүн өтө кооптуу жагдай.

**– Чек ара чатактарына себеп болгон өкмөттүн деңгээлинде чечиле турган маселелерди айтып жатасыз. Ошол эле учурда коомчулукта президенттердин мамилеси дагы болушу мумкүн деген пикирлер бар?**

– Чек ара маселеси эки тараптуу чечиле турган маселе. Өзбекстан тарапты дагы Тажикстан тарапты дагы президенттер чечпесе, башканын колунан келбейт. Бизде чек ара маселеси өкмөттүн деңгээлинде кана калып жатат. Бирок президент дагы ушул маселеге олуттуу мамиле кылып, кийлигишсе иштин жылышына жакшы өбөлгө түзмөк.

**– Чек арада катталган чыр–чатактарда адам өлүмү көп катталып келет. Ушул иштерге укуктук баа берилиш керек беле?**

– Тилекке каршы адам өлүмдөрүнө жана башка чыгымдарга дагы укуктук баа берилбей келет. Ушул окуялардын аягына чыгып, ММКдан жазалангандар тууралсында калың элге маалымат берилсе терс иштердин көбөйүшүнө бөгөт болмок. Чек арада каза болгон кыргыз жарандарынын өлүмүнө себепчи болгондордун бири дагы табылып, жазаланбагандыгы абдан өкүнүчтүү. Мына ушул жоопкерчиликсиз мамиле коңшулаш жарандарга “боло берет экен” деген ойду жаратып жатат.

**– Өзбекстан тараптын же Тажикстан тараптын жарандарын жазалай албасак дагы. Жабыркаган жарандар үчүн бизде дагы бирөө жоопкерчилик тартыш керек да?**

– Албетте жоопкерчилик тартыш керек. Окуя болуп өткөндөн кийин иштемиш этип калышат. Бирок ошол окуяны алдын алуучу дагы тиешелүү кызматтар бар да. Бирок булар дагы жоопкерчиликке тартылбастан калып жатышпайбы. Мындай иштер эл аралык укук таласында дагы олуттуу мыйзам бузуу болуп каралат. Өзүнүн милдеттерин так аткарбагандыгы үчүн тиешелүү кызматкерлер мыйзам алдында жооп бериш керек эле. Бизде врачтардын шалаакылыгынан улам жаран каза болсо врач мыйзам чегинде жооп берет. Ал эми чек арага тиешелүү кызматкерлердин шалаакылыгынан канча жаран каза болуп атат. Бул жерде мыйзам иштеген жок десек болот.

**– Бажы биримдигине кирүү чек ара маселелерине кандай таасир тийгизет?**

– Чек ара чатактары эки мамлекеттин маселеси. ЕАЭБке кирген мамлекеттер үчүн эч кандай таасирин тийгизбейт. Чек араны коргоо түздөн–түз өзүбүздүн милдетибиз. Баткен жергесинде 80–90 жашка чыккан аксакалдардын балалыгы өткөн жерлер 2004–жылдагы бийликтин, ошол кездеги протоколго туура эмес кол коюунун негизинде өтүп кеткен жерлер бар экен. Ошол эми билинип атат. Баткен эли ушуга дагы кыжырданышат. Бул жерлерди бирөө сатып жиберип анан унчукпай жүргөндөй сезимди калтырат. Биздин өкмөт ушул багытта дагы жергиликтүү эл менен сүйлөшүп, кайсы жайыттар кимге тиешелүү экендигин тактап, 2004–жылдагы протоколду дагы бир сыйра карап чыгыш керек.



# Эмне үчүн эл өкүлү болгуң келет?



**Чолпон Осмонова**

**Туулган жылы:** 1970-жыл

**Туулган жери:** Чүй облусу, Кемин району

**Кесиби:** КРнын ТИМ алдындагы дипломатиялык академиясын жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун юридика факултетин бүтүргөн.

**Кызматы:** Москвада “Мигранттарды колдоо” борборунун директору.

Депутаттыка барсамбы деп ойлонуп жаткан кезим. Депутат болсом элге көбүрөөк жардам берип, Өкмөт, Президент менен иштешип, мамлекеттин келечеги үчүн, салым кошсом дейм.

Буга чейин бир топ иштерди аткарууга жетиштим, бирок алдыда дагы көп максаттар бар. Учурда Москвадагы эмгектенип жаткан биздин жарандардын көйгөйүн чечишип, ар тараптуу жардам берип келем. Мисалы Москва–Ош, Москва–Бишкек учак каттамына эле 1 млн 200 миң рублга өз чөнтөктөн билет алып бердим. Басымдуусу оорулуулар, акчасы жок БОМЖдор, андан тышкары спортсмендерге, артисттерге колдоо көрсөтүп келе жатам. Эгер депутат болуп, эл кызматына келип калсам, эң биринчи суу маселеси, жолдорду оңдоо, светти арзандатуу деген негизги маселелерди чечүү менен иш баштамакмын.

> Буга чейин бир топ иштерди аткарууга жетиштим, бирок алдыда дагы көп максаттар бар.



**Чубак ажы Жалилов**

**Туулган жылы:** 1975-жыл

**Туулган жери:** Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району

**Кызматы:** Кыргызстан мусулмандарынын Аалымдар кеңешинин мүчөсү

Мен өзүм эл өкүлү болгум деле келген жери жок. Анчалык деле каалоом жок. Болгону мыйзам жазуу ишинде аракет кылып көрсөмбү деген ниеттерим бар. Бирок “парламенттик шайлоого барам” деп бир чечимге келе элекмин. Коомчулуктун, айрым адамдардын пикирин угуп аткан кербезибиз. Анткени динди окуп үйрөнгөнүбүздүн максаттарынын бири – элибизге кызмат кылуу эмеспи. Ошол себептен “элге кызмат кылсак” деген гана максатта болушу мүмкүн. Кайсы партия менен бараарым дагы чечиле элек. Саясатты “кир чөйрө, кир нерсе кир бойдон тура берсин”, “мен сага тийбейин, сен мага тийбе” деген позиция дагы туура эмес. “Кир саясаттан кирдеп калбайын” деп жеңил жагына качырууну да туура көрбөйм. Мамлекет үчүн, эл үчүн, динибиз үчүн биз көп нерсеге даяр болушубуз керек.

> Мыйзам жазуу иштерине аралашып көрсөмбү деген ниетим бар

# Кандай апасыз?



**«Билим алуу ийне менен кудук казгандай» дешет, бала тарбиялоо деле ийне менен ташка жазгандай эле эмеспи. Казуу да кыйын, жазуу да... Бирок, таштагы тамганы кетирүү бир топ татаал. Кайра-кайра оңдоп-түзөөгө да мүмкүнчүлүк аз.**

ЭЛИЗА ИРАНОВА

Баланы төрөгөн да, баккан да, алгач жол көрсөтүп, дүйнөнү таанытып-тааныштырган, тарбиялаган да эне эмеспи. Ошол себептүү келечек муундун балдары, жаштары, энелердин колунда экенине маани берип, көңүл буруу, өзгөчө аларды туура тарбиялоо зарылдыгын ар бир аялзаты жүрөгүнүн түпкүрүндө сезе билүүсү, жашай билүүсү абзел.

Мына ошол бала тарбиялоо боюнча көп жылдык изилдөөлөрдүн натыйжасында окумуштуулар энелик жүрүш-турумдун 5 негизги өзгөчөлүгүн аныкташкан. Төмөндө бала кароо жана тарбиялоодо ар бир эненин өзүнө тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр берилген.

**1. «Супер апа»** - баланын акылэсин өстүрүп-өнүктүрүүчү, дайым жаңы нерселерди үйрөтүүгө болгон күчүн жумшоо менен бирге чектен да чыгып кетпейт. Ал баласын кандай болсо, ошондой сүйөт. Ал эми чөйрөдөгү буюмдарды ага тааныштырууда «бул топ» эле дебестен «бул кызыл топ» же ушуга окшогон көбүрөөк маалымат, кенирээк түшүнүк берүүгө аракет кылат.

**2. «Деспот апа»** - бала эртеден кечке анын айткандарын жасоого мажбур. Мындай апалар балдарынын ийгилигине эч качан ыраазы болбойт. Ошондой эле балдарынан көп нерсени күтүп жана талап кылат.

**3. «Дээрлик апа»** - балдарын аябай жакшы көрүү менен аларды кандай болсо ошондой кабыл алат. Бирок, анын жүрүш-турушу башаламан болгондуктан баласынын керектөөлөрүн аткарууга күчү жетишээрлик эмес. Балдарынын жана кыздарынын акыл жөндөмүнө таасир этип, өстүрүү үчүн анын жөндөмдүүлүгү жетишпейт. Мындай типтеги «апалар» адатта пассивдүү келишет.

**4. «Айласы кеткен апа»** - өзүнүн күнүмдүк иштерин ушунчалык кыйын деп эсептегендиктен, балдарына да убакыт жеткире албайт. Адатта мындай энелердин балдары өздөрү менен өздөрү болуп, чоңу кичинесин карап чоңоюшат. Мындай көрүнүш адатта көп балалуу энелерде кездешет.

**5. «Тыкан апа»** - үйдүн ыңгайлуулугуна сөз жок, баласы эмне каалаcа баары бар. Бирок, бала көп убактысын жалгыз өткөрөт. Төрт тарабы төп келсе да, эне менен баланын бири-биРин түшүнүүсү татаал болуп, артыкчылыгы жок чоңоёт.

Жогоруда каралган апалардын 5 тиби, ар башка тарбия берээрин карап чыктык. Алардын ар бири баланын өздүгүнө жана мүнөзүнө чоң таасирин тийгизүү менен тарбиялап чоңойтот. «Супер апанын» балдары жашоодо түрдүү кырдаалдан чыгып кете алган, көйгөйлөрдү чече билген зээндүү болуп чоңоюшат. Ал эми «Деспот апанын» балдары тың, бышык жана чынчыл. Бирок, эмоциясыз, тартынчаак жана бала мүнөздүү кыялга ээ болушат. «Айласы кеткен апа» балдарын интеллектуалдуу кылып чоңойтууга анча күчү жетпегендиктен, балдары кыйын кырдаалдарда өзүн кантип кармоону билишпейт. Бул типтегилер бираз ыйлаак жана тез-тез капалангандар. «Дээрлик апа» өзүнүн милдеттерин жана жоопкерчилигин баланын алгачкы айларында гана мыкты аткарганы менен кийинчерээк бала бир аз чоңоюп, акыл-эси өсүп жаткан учурлар ал үчүн кыйын болот. «Супер апанын» балдары акыл-эс жагынан жакшы өсүп-өнүгүп жаткан кезде «Дээрлик апанын» балдарынын өсүүсү бир аз жай болот.

# Майрамдык рецепт

ЭЛИЗА ИРАНОВА

Бир стакан толтура жылмаюу менен баштап, ага бир чыны достук кошосуз. Бир ууч жумшактык, бир аз назиктик ачыткысы менен көптүргөнүңүз оң. Ошондой эле бир кашык үмүт, бир чоң чөмүч кол кабыш, көп өлчөмдө жылуулук жана бир ууч жөнөкөйлүк менен жакшылап аралаштырууну унутпаңыз. Камырыбыздын катуу болушу үчүн чоң кашык ишеним аралаштыруу да эсиңизде болсун. Ал чынынын бир бөлүгүнө ишеним, эки бөлүгүнө акыл жана бир нече тамчы жылуу жүздөн аз-аздан кошуп отуруп сүйүү менен көбүргөнгө чейин жакшылап аралаштырасыз. Мындан сырткары эки кашык жылмаюу, бир кашык сабыр жана бир ууч мактоону да унутпай кошосуз. Ыкылас, илхам менен үзгүлтүксүз аралаштырган соң, шугурчулук менен даамдандырасыз. Тамагыбыздын аты эмне дейсизби? Адамгерчилик!!! Бул рецептти майрам күнү эле эмес, ар дайым жасаса болот, «организмге», ден соолукка абдан пайдалуу! Жашооңуздар таттуу болсун!



# Кыргызстан качан Ислам каржы борборуна айланат?



**Экономика жана финансы тармагында уюштурулуп келген иш-чараларда, Ислам принциптери боюнча каржылоого терең көңүл бурула баштады. Өткөн айда Кыргызстан Банктарынын Союзу тарабынан уюштурулган Эл аралык каржы форумдун секцияларынын биринде Ислам принциптери боюнча каржылоо каралды. Иш-чарага көптөгөн банктар жана чакан каржылоо компаниялары катышты. Исламдык каржылоо секциясынын ишине алгылыктуу салым кошкон Ислам экономика, каржы жана индустриясын өнүктүрүү ассоциациясынын (ИЭКИОА) төрагасы Керимбаев Талант мырза "Саресеп" гезитинин сураныччы менен чакан макала жолдоду.**

Форумда Ислам каржылоосу боюнча суроо жана пикирлер көп экени байкалды. Бул көрүнүш биздин өлкөдө жок жерден пайда болгон эмес. Анын тарыхы 2006–жылдан башталган. 2006–жылынын 16–майында Кыргыз Республикасы менен эл аралык Ислам өнүгүү банкы жана «Эко Банк» жабык акционердик коому кызматташуу меморандумга кол коюшкан. 2008–жылдын 2–июлунда Кыргыз Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында Ислам каржылоосун жайылтуу» №361 токтомуна ылайык Экономика министрлиги "Ислам каржы жана индустрия борборун" түзүү боюнча иш-чаралардын планын бекиткен. Банктар менен чакан каржы компаниялар исламдык каржы принциптери (ИКП) менен иштеши үчүн тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген. Мисалга алсак, бул мыйзамдарга Сукук (баалуу кагаздар) жана Такафул (камсыздандыруу) жөнүндөгү жоболор киргизилген. Бул өзгөртүүлөр Кыргызстанда Ислам каржы секторунун ыкчам өнүгүүсүнө өбөлгө түздү. ИКП менен иштеген каржы компаниялары Бишкекте гана эмес Ош жана Нарын облустарында филиалдарын ачышты. Мындай каржы кызматын сунам дегендер 2013–жылдын аягында Ислам экономика, каржы жана индустриясын өнүктүрүү ассоциациясын түзүшкөн. Аталган Ассоциация Улуттук Банк, башка мамлекеттик мекемелер жана эл аралык каржы уюмдары менен кызматташып келет.



ТАЛАНТ КЕРИМБАЕВ

Исламдык каржынын өнүгүүсүнүн эң негизги себептери – сүткорлуктун жоктугу жана адилеттик принцибин карманууcу. Айрыкча 2008–жылкы дүйнөлүк финансылык рецессияга туруштук бергендердин көбү исламдык принциптер менен иштеген каржы уюмдары болгон. Бул көрүнүш дүйнө экономикасына сереп салгандардын көңүлүн бурган. Ошондон тартып батыш өлкөлөрү исламдык каржыга өзгөчө маани бере баштшты. Мисалга алсак, Улуу Британия мындай принциптеги банктарынын саны боюнча Европада биринчи орунду ээлейт.

ИКПны колдогон Британия өкмөтү мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү мурда эле киргизген. 20дан ашык жогорку окуу жайларда факультеттер ачылып, студенттерге исламдык каржы боюнча билим берүүдө. Баалуу кагаз секторунда миллиондогон фунт стерлингке сукуктун чыгарылышы өкмөт башчысы Дэвид Кэмэрон тарабынан колдоо тапкан. Ушул жана башка көптөгөн себептердин негизинде Лондон шаарына "Исламдык каржылоо системасынын дүйнөлүк борбору" деген наам ыйгарылган.

> "2008-жылкы дүйнөлүк финансылык рецессияга туруштук бергендердин көбү исламдык принциптер менен иштеген каржы уюмдары болгон. Бул көрүнүш дүйнө экономикасына сереп салгандардын көңүлүн бурган. Ошондон тартып батыш өлкөлөрү исламдык каржыга өзгөчө маани бере баштaшты."

Руханий баалуулуктарга өзгөчө көңүл бурулуп, сүткорлуктун коркунучун аңдоодон улам элдин талабы исламдык каржылоого күн санап артып келет. Кыргызстандан сырткары КМШнын ичинде Казакстанда, Орусияда жана Тажикстанда өнүгүүдө. Тажикстан 2014–жылы мыйзамдарын өзгөртүп, бул жаатта иш баштоодо. Орусия Федерациясынын Мамдумасы ИКП тууралуу мыйзамдарды кароодо. Биздин исламдык каржылоо боюнча регионалдык борборго айлануубузга Казакстан гана атаандаш боло алат.

Перс булуңунда жайгашкан араб өлкөлөрүнөн күтүлгөн чоң инвестициялар бул атаандаштыкты ого бетер курчутмакчы. Казакстандын бизге караганда кандай артыкчылыктары бар. Ислам өнүгүү банкынын КМШдагы регионалдык өкүлчүлүгү Алматы шаарында жайгашкан. Казакстан президенти өзүнүн демилгеси менен 2010–жылы Астанада "Ислам Давос" аттуу чоң эл аралык форумду өткөргөн. Бул секторго казакстандык бюджеттен каражаттар бөлүнүүдө. Бирок керек болгон негизги көрсөткүч – ИКП менен иштөөчү жеке сектор жай өсүүдө.

Кыргызстан КМШда ислам каржы борборуна айланат деген үмүт чоң. Эң башкысы ИКП багытында аракет кылган адамдарыбыз көп. Негизги демилгелер жеке сектор тарабынан көтөрүлүп жатат десек жаңылышпайбыз. Ассоциациябызга кирген бардык компаниялар өкмөттөн каражат албастан, жеке капиталдары менен иштешүүдө. Кыргызстанда ИКП менен иштеген 1 банк, 5 чакан каржы компаниясы жана 1 кредиттик бирикме бар. 2 чакан каржы жана 1 ижара компаниялары ислам принциптери менен иштегенге аттанышууда.

Мындан улам ИКП секторуна инвестиция тартуу зарылдыгы артууда. Бул багытта каржы келип калса кыргызстандык компаниялар тейлөөгө даяр. Бул, дайыма өрчүп, өзгөрүп кете берчү процессти көзөмөлгө алуу үчүн Ассоциация Шариаттык Кеңеш түзүп, анын жобосу бекитилген. Шариаттык Кеңеш Ассоциацияга мүчө уюмдардын иштерин оптималдаштырууда. Ассоциациянын алдында окуу борбору ачылууда. Окуу борбору исламдык каржы принциптери эмне экенинин, аны менен мыйзам чегинде кантип жана кандай иштеш керектигин окутмакчы.

Сырттан караганда көп билинбегени менен Кыргызстанда исламдык каржы системасы түзүлүп келе жатат. Албетте, анын толук кандуу иштешине дагы көптөгөн компоненттер керек. Мисалы, такафул (камсыздандыруу), сукук (баалуу кагаз) сыяктуу каржы куралдары практикада колдонулуш керек. Исламдык принциптер менен иштеген банктар жана каржы компаниялары көбөйүүсү максатка ылайык. ЖОЖдордо бул тармакка адистерди даярдоо программасын киргизүү зарыл. ИКПнын толук кандуу иштеши үчүн Улуттук банк баш болгон тиешелүү мамлекеттик органдар менен жеке сектор жана каржы инвестициясын тартууга тиешеси бар бардык тараптардын биригүүсү чоң роль ойнойт.

Кыргызстандын исламдык каржы борборуна айлануусуна аз калгандай сезилет. Бул тармактан элдин үмүтү чоң. Экономикалык активдүү субъекттердин арасында сүткорлук системадан чыгам деп альтернатива издегендер көбөйүүдө. Таза финансылык мамиле түзүлүүсүндө ИКП салттык каржыга күчтүү альтернативдик система катары калыптанышы үчүн ар бир жаран салым кошуусу керек. Биздин күчүбүз биримдикте!

# “ЖАЙМА БАЗАРДАГЫ” ЖАЙ ТУРМУШ

**Бишкек базарларынын аймагына ар жуманын ишемби, жекшемби күндөрү улгайган адамдар эски буюмдарын сатууга чыгышат. “Жайма базар” деп аталаган жерден антиквариаттарды, совет заманындагы кийимдерди, орден-медалдарды, акчаларды, идиш аяктарды жана башка толгон-токой буюмдарды кездештирүүгө болот. Бирөөгө кереги тийбечүүдөй болгон бул нерселер айтылуу базардан өз ээсин табышат.**



ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Орто-Сай базарындагы “Жайма базарда” жүзгө жакын карылар соода кылат. Өз колдору менен жасалган буюмдан баштап, балдарынан, неберелеринен калган оюнчуктарды, кийимдерди , сувенирлерди, СССР убагындагы китептерди сатышат.

30 жылдан ашуун айдоочу болуп эмгектенген 75 жаштагы Михаил ата базарга чыгуу себебин пенсиясынын аздыгы менен байланыштырат. "4 жылдан ашуун бул жерде соода кылам. Кемпирим экөөбүздүн пенсиябыз күнүмдүк тамак-ашка жетпегендиктен үйдөгү эски идиш-аяктарды сатабыз", - дейт Михаил ата.

Базардагы айрым карылар балдары таштап кеткендиктен, жалгыздыктан зеригишип, эл менен баарлашуу максатында базарга чыгууну адатка айлантышкан.

50 жыл дарыгер болуп эмгектенген 81 жаштагы Дина чоң эне да жалгыздыктан тажагандыгынан базарга чыгууну хоббиге айлантkan. "Соодам бирде болот, бирде болбойт. Жумасына 50 – 100 сомдон түшөт. Бирок эч нерсеге өкүнбөйм, себеби базарга досторум менен жолугушуу үчүн келем", - деди чоң эне.

Аба ырайынын ысык-суугунда, таштандылардын айланасында олтуруп иштеген карыларыбыз өз жандарын өздөрү багып, минтип көр тирилик өткөрүп келишет.









# Эмиль Уметалиев: «Балдарыңдын бактысын тилесең, энесин бактылуу кыл»

«Kyrgyz Concept» компаниясынын президенти Эмиль Уметалиев Саресепке өзүнүн жөн жай жашоосу, өкүнүчтөрү, бала тарбиялоо жолдору жана сүйүү тууралуу маек куруп берди.

ЖАРКЫН ЖАНЫБЕК КЫЗЫ

## Жашоону өзүбүз каалагандай ыңгайлаштырып алсак болот

Дүйнө жүзүндө эң тез көбөйүп келе жаткан жандык – бул адам. Адам баласы жашоосун өзү каалагандай ыңгайлаштыра алат. Ар бир адамдын жашоосу ар башка ыңгайлашат. Аткени адамдар өзүлөрүнүн акылына, билимине, мүнөзүнө, деңгээлине жана маданиятына жараша максат коёт. Алардын эң алдыңкылары айлана чөйрөсүндөгүлөргө дагы таасирин тийгизип, аларды сүрөп кетkенге күчтөрү жетет. Ал эми айрымдары өмүр бою кулдук сезимден, көз карандылык, көнгөн адатынан чыкпай жашай берет. Алардын ичинен уурулар, кылмышкерлер, паракорлор чыгат. Мен болсо жашоомду акылыма жараша ыңгайлаштырып алдым окшойт.

## Ийгиликтин ачкычы абдан көп

Ийгиликтин ачкычы абдан көп. Баардыгын таанып биле алган эч ким жок. Дүйнөдө бүткүл адамзат ийгиликтин сыйкырын түшүнгөнгө аракет кылып, бирине бири үйрөтүп, изилденип, көптөгөн китептер жазылып, кинолор тартылып келе жатат. Ийгиликтин сырынын эң алгачкысы – келечекти тааный билүү жана аны күтүп алуу. Ошондой эле келечек үчүн аракет кылып, кандайдыр бир иш аткаруу. Иш аткаруу жолунда жоопкерчиликтүү болуу. Адам эл арасында жоопкерчиликтүүлүгүнө жараша ишенимге ээ болот. Ишенимге ээ боло алган үчүн сөзсүз эмгеги акталат. Жоопкерчиликтен кийин акыл иштетип, тобокелчиликке барганга күчү жеткендей болушу керек. Акылсыз тобокелге барган киши кулайт, акылы менен тобокелге барбай койгон ийгиликке жетпейт. Ошон үчүн акылы менен тобокелге барып иш жасай алган адам, башкалар кыла албаган ишти аткара алат.


## Жакындарыма көңүл бурбай калганыма өкүнөм

Кезегинде башка адамдардын көйгөйүн ойлоп, аларга көңүл буруп жүрүп жакын адамдарыма көңүл бурбай калганыма өкүнөм. Кээ бир учурда жакындарымдын көңүлүн ойлоп жүрөгүм сыздайт. Өзгөчө энемдин жанында көп болбогонума, аны бекем кучактап отурбаганымды эстеп жаман болом. Экинчиден, чоңоюп калган кыздарымды көрүп, ишке көбүрөөк берилип, ичимдеги сезимимди эмнегедир үнөмдөп койгонсуймун. Эң өкүнүчтүүсү бул кайтарылгыс нерсе тура. Мына ушуларды убакыттын өтүшү менен баамдадым. Бул нерселер эске келгенде жүрөгүм кадимкидей өйүйт.

## Балдарымды кыргыз кылып тарбиялай алдымбы?

Мен социализм күчөп турган доордо чоңойдум. Ал кездеги тоталитардык режимдин идеологиясында тарбияландым. Уабкыт өткөн сайын турмуш тажрыйбада топтогон өзүң түшүнгөн, өздүк принциптер пайда боло баштайт экен. Мен балдарымды толук кандуу кыргыз кылып тарбиялай алдымбы? Анткени балдарым эмес, мен толук кандуу кыргызмынбы – бул чоң маселе. Негизи эле бир чоң империянын колониясы эч качан өз баалуулугун сактап кала албайт. Колония болгон күндөн баштап сөзсүз анын эгемендүүлүгү кыскарат, тупкү дөөлөтү суюлат. Биз да узак мөөнөттө колония болуп калган соң, көп баалуулуктарды алдырып жибердик. Ошондуктан биз оор замандын муунубуз. Өлкөнүн уул-кыздары борборго топтолуп, өз эне тилибизде эмес, дүйнө жүзүндөгү маданияттын эң бийик деңгээлиндеги илимдин негизинде эмес, бизди багындырган империянын бизге сунуштаган маалыматынын жана саясатынын негизинде тарбияландык. Ошентип борборго топтолгон өлкөнүн уюткусу орус тилинде гана билим алышкан. Фрунзе шаарында 61 мектеп бар болсо анын бирөө эле кыргызча болгон. Өзүм орусча тарбияланган соң, балдарым деле толук кыргыз тилдүү боло элек. Бирок алар кыргыз эле да. Улуу кызым Мээримдин чет өлкөдө жашаган бөлмөсүнүн төрүндө Кыргызстандын туусу, оймолор түшүрүлгөн шырдак-кийиздин жасалгалары кыргыз үй экенин тааныйт. Ошондой эле ал facebook'тан өзүнө жаккан англис тилиндеги афоризмдерди кыргызчага которуу аракетин үзбөйт. Кичүү кызым Чолпон болсо жаңы тажрыйбадагы эл аралык мектепте окуйт. Ал эми кыргыз тилин, өзүм кошулуп түзгөн европалык мектептин атайын курстарынан үйрөнөт. Мындан сырткары ал 5 жашынан тарта ооз комуз чертет, бул жылдан баштап комуз ойной баштады.

> Ийгиликтин сырынын эң алгачкысы – келечекти тааный билүү жана аны күтүп алуу. Ошондой эле келечек үчүн аракет кылып, кандайдыр бир иш аткаруу. Иш аткаруу жолунда жоопкерчиликтүү болуу.



## Балдарыңдын бактысын тилесең, энесин бактылуу кыл

Балдарды тарбиялоодо биз эч качан аларга чектөө койбошубуз керек. Аларды уруп-согуунун дагы кереги жок. Жөн гана өзүң үлгү болушуң керек. Баланы жазалоого да болбойт, жардам да бербей эле койгон оң. Аракетине тоскоол болбош керек. Анан балаң бактылуу болсун десең, эң алгачкысы – балаңдын апасын бактылуу кылышың керек. Мына ошондо энениn бактылуулугу балага чагылып, бала бактылуу өсөт.

## Жаңы нерсерселерди изденүүдөн баш тартпаш керек


Мен ар дайым изденүүнүн, жаңы нерселерди түшүнүү жана кабыл алуу үстүндөмүн. Ошондуктан мындан 24 жыл мурун глобалдуулуктун тили болгон англис тили боюнча эң алгачкы курс ачкам. Ошондон бери элибизге эмне пайдалуу деп эсептелинсе, ошол нерселерди жакындатканга аракет кылып, бизнес жолу менен кеңейтип келе жатам. Бүгүнкү күндө англис тилин үйрөнүү, чет мамлекеттен окуу же саякат жасоо, эң алдынкы элдердин маданиятын, инвестициясын, билимимин өздөштүрүү болобу, биздин жаштарга мындай мүмкүнчүлүктөргө жетүү жолун издегем, издеп келем. Муну эгемендүүлүгүбүздү калыптандыруунун бирден-бир жолу катары эсептейм. Мен жаштарга "ар дайым жаңы нерселерди изденүүдөн баш тартпаш керек" деген насаат айтаар элем.

## Сүйүүнү аяр урунуу керек

Мен жаш кезимде улуулардын, атактуулардын айтканын угуп, ошону аткарганга аракет кылчумун. Бүгүнкү күндө мен "издегенимди таптым же түшүндүм" деп айтып, баа бере албайм, мен изденүүдөмүн. Убакыт өткөн сайын түшүнүктөр да өзгөрүүдө. Мурдагы идеология үстөмдүк кылган, ой, сөз эркиндиги кыска кезде жалган романтикалык түшүнүктөр чыныгы турмуштагы сүйүүдөн өтө алыс болчу. Баары бир адамдын сүйүү жөнүндө түшүнүктөрү баалуулуктарына, тажрыйбасына карата бааланат. Сүйүү менен жыныстык мамилени ажыратпай, бирок бири-бирине алмаштырып албай, айырмалай билишибиз керек. Эңсеген нерсебизди сүйүү деп эсептеп алабыз. "Сүйөм" деген тарап көп учурда өзүнүн чаңкоосун кандырууну сүйүү деп эсептейт. А бирок сүйүүгө аяр мамиле жасап, аяр урунуу керек. Сүйүү – бул адамдын өзүнө койгон бийик талабы жана ага өзүн аябастан көргөн камкордугу.

# Бейөкмөт уюмдар агентпи?

**Жогорку Кеңеште өкмөттүк эмес уюмдарга “чет элдик агент” макамын берүү сунушталып келет. Долбоордун демилгечилери сырттан каржыланган коммерциялык эмес уюмдарга мамлекеттик көзөмөл керектигин, мамлекеттин коопсуздугуна байланыштуу экендигин айтышууда. Аны менен катар кайчы пикирлер дагы арбын...**



АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

**Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү, Ишенбай Кадырбеков: “Бейөкмөт уюмдары шайлоонун бурмаланышына жол бербейт”**

Бейөкмөт уюмдарынын Кыргызстанга пайдасы өтө чоң. Эгер буга тиешелүү баа бербесек калыс болбой калабыз. 20 жылдын ичинде бийлик өз элин унутуп калды. Бийлик өзүнүн структурасы менен алек болуп, эптеп эле мамлекетти сактап келе жатышат. Бирок эл кандай жашап жатат, элдин эмне маселеси бар, буга көңүл бурулган жок. Ошол эл арасындагы маселелерди бийликке жеткирип, чечүү жолдорун караштырган бейөкмөт уюмдары болду. Бул жагына келгенде буларга бериле турган баа жогору. Чоң-чоң гранттарды алып келип атышат. Мисалы келе жаткан шайлоодо, бейөкмөт уюмдары чет элдик байкоочуларды алып келүү боюнча иштеп атышат. Шайлоодо одоно мыйзам бузууларга жол бердирбей жалтактатып турган ушул уюмдар болот. Тубаса майып болуп төрөлгөн балдардын көйгөйлөрүн, аялдардын укугу, үй-бүлөлүк маселелерди, экологиялык маселелерди бийликке жеткирип, жардам берип жаткан ушул уюмдар болуп атат. Бирок ар бир бейөкмөт уюмдарынын артында күчтөр бар экенин биз билишибиз керек. Себеби бекер акчаны эч ким бербейт. Ошол уюмдар иштеп жаткан материалдарды алып кыргызстандын жашоошартын, абалын иликтеши мүмкүн. Азыркыдай глобалдашуу мезгилинде, мамлекеттер арасында айрым маселелерден улам бейөкмөт уюмдарын курал катары өз пайдасына колдонуп коюшат деген коркунуч бар. Ошондон улам Орусия бейөкмөт уюмдарына чектөө ирээтинде “агент” деген ат берген. Орусия күчтүү чоң мамлекет. Ал өзүндө болгон маселелерди бейөкмөт уюмдарынын жардамысыз эле чечип алууга күчү жетет. Бирок ошол көйгөйлөрдү чечип алууга Кыргызстандын күчү жетеби? Кайсы деңгээлде биз буларга туруштук бере алабыз? Ошол себептен Орусияны карап биз дагы “агент” деген атты киргизип атканыбыз туура эмес. “Агент” деп атабоо керек. Башка ыкма менен бул мыйзамды киргизсе болот эле. Мыйзамдын негизинде талаптарды койсо болот, бирок “агент” катары баалоого каршымын.

> Орусия бейөкмөт уюмдарына чектөө ирээтинде “агент” деген ат берген. Орусия күчтүү чоң мамлекет. Ал өзүндө болгон маселелерди бей өкмөт уюмдарынын жардамысыз эле чечип алууга күчү жетет. Бирок ошол көйгөйлөрдү чечип алууга Кыргызстандын күчү жетеби?



**Жогорку Кеңештин депутаты, Надира Нарматова: “Мамлекеттин ички саясатын дүйнө жүзүнө таратып жатышат”**


“Чет элдик агент” деп атоонун зарылчылыгы коомубузда болуп жаткан түрдүү фактыларга негизделет. Бир кызыкчылыкты көздөгөн долбоорлорду өткөрүү үчүн, мамлекеттин ичиндеги тиешелүү тармактын кемчилигин, жетишпеген жактарын аныктап-тактап жазышып, мамлекеттин ички саясатына, экономикалык, социалдык иштерине, улут аралык мамилелерге аралашууда. “Адам укугун коргоо” деген шылтоого жамынып алышып, мамлекеттин ички саясатын дүйнө жүзүнө таратып жатышат. Өзгөчө улут аралык мамилелерге чок салып, бөлүп-жарып, бир жактуу карап, экинчи тарапты басынтып, мамлекеттин ичиндеги тынчтыкка жик салган учурлар өтө көп. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин, мамлекеттин ички саясатын жүргүзө турган башкаруу системасы бар. Ошого карабастан бейөкмөт уюмдары мамлекеттин ишине кийлигишип мүмкүн болушунча тескери жактары менен таанытууга басым жасап жүрүшөт. Акция, митингдерди уюштура коюшуп, элди туура эмес багытка үндөөдө.

Биздин улуттук менталитетибиз бар да. Демократияга жамынган киши болуп бардык жерге чыр салып жүрүшөт. Эгерде мамлекеттин келечегин ойлоп, экономикалык, социалдык абалыбыздын өнүгүшүнө салым кошо турган болсо, жакшы ниет менен иш алып барып жаткан болсо кайдан каржы булактарын алып жатканын, кайсы багыттагы долбоорлорду иш жүзүнө ашыра тургандыгы жөнүндө отчетторун жылына бир жолу берип турсун. Эл алдында ачык-айкын болсун деген талаптар бар. Ушундай талаптын негизинде “чет элдик агент” деген терминди киргизели деп атабыз. Мындай аталыш менен “бейөкмөт уюмдары иштебей, өлкөдөн чыгып кетсин” деген жокпуз. Өз иштерин уланта берсин, бирок жогоруда айтылгандай, мамлекеттин ички саясатына аралашпай ачык-айкындуулук менен иш алып барышсын. Ушул мыйзам ишке ашса, котур ташы койнунда болгон бейөкмөт уюмдары өзүнөн-өзү жок болуп кетет. Ниети жакшы түз иштегендери иргелип калат. Кыргызстанда 14 минден ашык БӨУ бар экен. Алар эмне иш кылып атат ким билет. Саналууларынын атын гана угуп жүрөбүз. Мына ушунун өзү кооптуу.

> “Адам укугун коргоо” деген шылтоого жамынып, мамлекеттин ички саясатын дүйнө жүзүнө таратып жатышат. Өзгөчө улут аралык мамилелерге чок салып, бөлүп-жарып, бир жактуу карап, экинчи тарапты басынтып, мамлекеттин ичиндеги тынчтыкка жик салган учурлар өтө көп.

# Мцына: «Кыргыздардай болуп ата-энем менен чогуу жашагым келет»

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



Өзү кыргызга окшош, кыргыз тилин тез эле үйрөнүп, кыргыз жигиттерин жактырган Мцына Асанума Саресепке маек куруп берди.

## Кыргыз балдары англис тилинде сүйлөсө мен абдан кубанам

Менин атым Мцына Асанума. Мен Жапониядан келдим. JICA уюму аркылуу Кыргызстанга келгениме 4 ай болду. Өз өлкөмдө 2 ай кыргыз тилин үйрөндүм. Кыргызстанга келгенден кийин 1 ай мектепте кыргыз тилин окудум. Андан кийин Чолпон-Атага барып "SOS балдар айылында" волонтёр болуп иштей баштадым. Балдар үйүндө өспүрүмдөргө жапон жана англис тилин үйрөтүүдөмүн. Жапонияда англис тил факультетинде окудум. Кыргыз балдары англис тилинде сүйлөсө мен абдан кубанам. Кээ бир жапондор Түштүк Америка жана Африка өлкөлөрүнө сапар алышат. Борбор Азияга кызыгамын, ошол себептен Кыргызстанга келдим. Анткени жапон жана кыргыз эли жакын, кебетеси жагынан да окшоштуктар бар.

## Жапонияда жашоо бат ылдамдыкта өтөт

Жапондун жашоосу аябай бат ылдамдыкта өтөт. Убакытты аябай туура пайдаланышат. Эч качан кечигишпейт. Мен мурда Жапонияда иштеп жүргөндө иш убактым эртең менен 8:30дан кечки 17:30га чейин болчу. Эгерде жумушка кечиксең, шеф аябай ачууланат. Ошондуктан убакытты аябай туура пайдаланганга аракет жасайбыз. Жумуштар көп болсо, калып иштеш керек болуп калат. Учурда мен айылда иштеп жатам. Мүмкүн Бишкектин иш тартиби башкачадыр, бирок Чолпон-Атада жумуш анчалык деле катуу тартипте эместигин байкадым. Азыркы иштеп жаткан адамдарым аябай мага жакты, анткени алар аябай жумшак, жана акылдуу болушат экен. Мисалы мени менен чогуу иштеген Гүлнара эже аябай акылдуу. Башка улуттун адамдары менен көп тилде сүйлөшө алат. Түрк жана араб тилинде сүйлөгөнү мени аябай таңгалдырган.



## Сыйлап орун бошотуп беришкени мага абдан жакты

Кыргызстандын жаш адамдары улуу муундагыларга транспортто орун бошотот экен. Жапонияда поездде же автобустун ичинде жаш балдар эч качан чоң адамдарга орун бошотуп беришпейт. Алардын ичинен кээ бирилери гана туруп бериши мүмкүн. Бул жакта боюнда барларга, кичинекей баласы бар келиндерге жана улуу муундагы ата-апаларга орун бошотуп беришет экен, ошонусу менен кыргыз эли жакты. Үй-бүлөөрү жана туугандары аябай ынтымактуу жашашат экен. Майрам күндөрү бардык туугандар чогулушат тура. Жапониядагы үй-бүлөлөр бири-бири менен көп жолуга беришпейт. Мектеп жана университетти бүткөндөн кийин ата-энесинен алыс кетишет.

## Кыргыз кыздары аябай эрте күйөөгө тийишет экен

Биринчи мектепте биз 6 жыл окуйбуз. Экинчи мектепте 3 жыл билим алабыз. Андан башка мектепте да 3 жыл окуйбуз. Ошентип биз 12 жыл мектепте окуйбуз. Жапониянын университетинде 4 жыл окудум. Ал эми айрым окуучулар 12 жыл мектептен билим алгандан кийин иштеп кетишет. Кыргыз кыздары аябай эрте күйөөгө тийишет экен. Жапон кыздары кеч турмушка чыгышат. Жапонияда 30 же 35 жашта турмушка чыгуу бул норма болуп эсептелинет. Мисалы мен 30 жаштамын турмушка чыга элекмин, мага окшогон кыздар көп. Жапон кыздары жигит тапканга убакытылары жок. Мисалы түнкү 10-11ге чейин иштеп, жумуштан чыккандан кийин үйгө келип тамак жасап үй-жумуштары менен алек болуп анан укташат. Жапонияда эркек балдар аз. Кыргызстанда 4-5 балалуу болуу адаттагы көрүнүш, ал эми Жапонияда 1-2 балалуу гана болушат. Жапонияда эркектер аз болгондуктан, кыздардын көбү жумушка берилип иштешип турмушка да кеч чыгышат.

## Кыргыз балдары мээримдүү болушат

Жапон волонтёрлору Кыргызстанга 2 жыл иштеши керек. Бул жумушум бүткөндөн кийин "күйөөгө тийсемби" деп ойлонуп атам. "Кыргыз балдар үйлөнгөндөн кийин үй жумуштарына жардам бербей, келиндер көп жумуш жасашат экен" дегенди уктум, бул мага жакпайт. Бирок мен учурда Чынар эженин үйүндө турам. Алардын үйүндө келини, баласы жана күйөөсү болуп жашашат экен. Чынар эженин күйөөсү жубайына аябай жардам берет экен. Бакчадагы жер-жемиштерден баштап, тамак жасаганга чейин кол кабыш кылат экен. Бул мени аябай таңгалдырат.

## Кыргызстан жакшыраак деп ойлойм

Мен эки бир тууганмын. Жапонияда убакыт аябай тар болгондуктан кээ бир үй-бүлөлөр балалуу да болушпайт. Мен Чолпон-Атада жалгыз жашайм, кошунанын кыздар, балдары дайыма үйгө келип турушат. Мен аларга англис тилин үйрөтөм. Балдар менен оригами (гүл композициясы) жасап чогуу ойнойбуз. Жапонияда шаарда тургандыктан, көп жаныбарларды кездештирбейсиң. Зоопарктарда эле жаныбарлар бар. Жапонияда жер кенен эмес, кичинекей, Кыргызстан жакшыраак деп ойлойм.

## Кыргыздардай болуп ата-энем менен жашагым келет

Мен Жапонияга кайра кетем деп ойлойм. Кыргызстандын деле жашоосу жагат, бирок мен апамдын жанында болгум келет. Себеби Кыргызстандагы үй-бүлөлөр жана туугандар жакын жашашат. Мен дагы кыргыздардай болуп ата-энемдин жана туугандарымдын жанында жашагым келет. Мектепте, университетте окуп жүргөн кезде ата-энемден алыс башка мамлекеттерде жашагым келчү. Бирок Кыргызстанга келгенден кийин бул ойлорум такыр өзгөрдү. Азыр мен апама жардам беришим керек, жжем менен көбүрөөк байланышым керек. Мүмкүн мен эки жылдан кийин кайра өз мекениме кетем. Кыргызстанга кайра саякаттаганга келем.

## Кыргыз жигитине деле тийсе болот

Жапонияда сүйлөшүп жүргөн жигитим бар. Азыр ал мени күтүп жатат. "Мен Кыргызстанда кала албайм" деп айтам. Эгерде кыргыз жигит мени аябай жакшы көрсө, ал да мага жагып калса, анда мен ойлонуп көрөм. Нарында "жапон кызы кыргыз балага турмушка чыкты" деп уктум. Дагы бир жапон кызы кыргыз бала менен мамилеси бар экенин уктум. Ошондуктан кыргызга деле тийсе болот.

## Мен абдан уялдым

Кыргызстандын жаратылышы мага абдан жагат. Ысык-Көлдүн түштүгүндө жайлоого барып аттын үстүнө миндим. Кыргызстан боюнча Жапонияда маалымат аз болгондуктан мен аябай сарсанаа болдум. Интернетте мен Кыргызстанда ала качуу тууралуу окудум. "Сени ала качып кетишет" деп апам мени жжем аябай сарсанаа болушту. Америкадан келген башка волонтёр дагы "ала качып кетет" деп айткан. Анан мен аябай ойлондум. Кыргызстанга келгенден кийин "30 жаштагы кыздарды эч ким ала качпайт" дегенин угуп алып мен аябай уялдым. Кыргызстанга келгенимде ала качууну такыр көргөн жокмун.

## Кыргыз балдары "мен сени сүйөм" дейт

Кыргызстанга биринчи келгенде кыргыздар мага 20, 23 жашты беришти. Мен абдан кубандым угуп алып. Себеби Жапонияда эч ким мага мындай жашты берген эмес. Ашып кетсе 28 жаш дешчү. Жапон кыздарын аябай арык болгонду жактырышат. Биздин бетибиз ак болуш үчүн биз көп косметика колдонобуз. Модель болууга көп кыздар ашыгат. Жапон балдары аябай уялчаак болгондуктан жакшы көргөн кызына да "мен сени сүйөм" деп да айтышпайт. Кыргыздын балдары уялчаак болбой, "мен сени сүйөм" деп айта алышат экен. Жапон балдары аябай арык, күчтүү эмес, кызга окшош болушат.

## Кыргыз тамактары жагат

Мага кыргыз тамактары жагат. Алардын ичинен самсы, лагман, манты, бешбармак, плов жана башка. Мен күн сайын кубанып атам. "Бүгүн бул тамак болду эртең тигил тамак болот" деп аябай жеп атам. Азыр коркуп жатам "көп тамактардын баарын жей берип семирип кетпейин" деп. Жапонияда кечки тамакка күрүч гана жечүмүн жана нан такыр жечү эмесмин. Ал эми бул жактын наны аябай даамдуу экен. Анткени кыргыз наны өтө жумшак эмес жана катуу да эмес. Ал эми Жапониядагы нан өтө жумшак болот.

## Ыкка бат эле көнгөн Мцына Асанума

Мцына менен чогуу иштеген Гүлмира эже жапон кыздын комузга кызыгып комузду үйрөнүп жатканын айтты. Гүльмира эже: "Бизге көп жылдан бери башка өлкөлөрдөн волонтёрлор келүүдө. Жапон эли кыргыз маданиятына аябай кызыгышат экен. Жапон кыздар эки күү болсо дагы үйрөнүүгө аракет кылышат. Мцына атайын музыкалык мектепте билим алууда. Булар азыраак сүйлөсө дагы, көбүрөөк жасаганга аракет кылат экен. Эң жакшысы биздин ыкка бат көнөт экен. Мындай мамилеси менен көп ийгиликтерге жетишет. Мурунку волонтёрлорго салыштырмалуу Мцына жакшы кыз. Биз ойлойбуз Мцына менен чогуу жакшы иш-чараларды өткөрөбүз" деп.





# Кыргызстандыктар Дүйнө кубогунун экинчи этабында 2-орунду ээлешти

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

Бишкектеги Республикалык ат спорт мектебинде "Шериктештик кубогу – Жеңиш кубогу" жана Борбордук Азия лигасынын "конкур"* аттуу мелдешинин түрү боюнча эл аралык турнир старт алды. Дүйнө кубогунун финалдык этабына Борбордук Азия лигасынын "мен–мен" деген чабандестери күрөшүп, ат салышышты. Мындан сырткары турнирге Орусия, Казакстан, Өзбекстан жана Кыргызстандан ат спортунун башка өкүлдөрү дагы келишти. Турнирдин салтанаттуу ачылышы катышуучу өлкөлөрдүн парады менен башталды.

Салтанаттуу иш–чаранын расмий бөлүгүн дене тарбия жана спорт боюнча Мамлекеттик агенттиктин директору Кадырбек Эргешов ачып, Республикабыздын тарыхында спорттун олимпиадалык программасына кирген ат спортунун классикалык түрлөрүн өнүктүрүүдө жаркын мисалдар көп болгондугун баса белгилеп өттү. "СССРдин эмгек сиңирген машыктыруучу Сайбаттал Мурсалимов Римде өткөн олимпиадалык оюндарда бешинчи орунду, кийин Токиодо өткөн Олимпиада оюндарында планетанын эң мыкты он чабандесинин бири болгон. Мурсалимов 1980–жылкы олимпиадалык чемпион Александр Блиновду тарбиялап чыккан", – деп эскерип кетти Эргешов.

Ат спорту боюнча Эл аралык федерациянын атынан анын өкүлү Владимир Платов сүйлөдү. Ал бардык көрүүчүлөрдү, катышуучуларды, уюштуруучуларды Дүйнө кубогунун башталышы менен куттуктап: "Мындай мелдештер ат спортун өнүктүрүүгө Борбордук Азияда эң мыкты өбөлгө түзөт. Жаңы аттар сатылып алынып жатат. Чабандестер аларды таптап, мелдештерге даярдашууда. Ал эми уюштуруучулар спорттук имараттарды оңдогонго аракет кылышкан экен. Спортчулардын ары–бери жүргөнүн, тамак–аш жана жатакана менен камсыздоосу эң мыкты деңгээлде уюштурулган", – деди.

Дүйнө кубогунун алкагында 160см бийиктикке секирүүдө Өзбекстан курама командасынан Умид Камилов башкы сыйлыкты жеңип алды. Күмүш байге дагы өзбекстандык Гайрат Назаровго буюрду. Ал эми үчүнчү орунду кыргызстандык Ринат Галимов жеңип алды.

Жалпы командалык зачетто Өзбекстан биринчи, Кыргызстан экинчи, Казакстан үчүнчү, Орусия болсо төртүнчү орунду ээледи.

Эскерте кетсек, конкур боюнча Борбордук Азиянын Дүйнөлүк кубогу үч этап менен өтөт. Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан бир этаптан өткөн соң, жеңүүчүлөрү белгилүү болот. Индивидуалдык зачетто биринчи орунду камсыз кылган спортчу финалдык этапка жолдомо алат. Өткөн жылы Ринат Галимов Чарлиз аттуу жылкысы менен күмүш байгени жеңип алган. Үч этапта көрсөткөн жыйынтык Галимов Лас–Вегаста (АКШ) өтө турган финалдык этапка жолдомо утуп алды. АКШдан байгелүү келет деп Ринаттан үмүтүбүз чоң.

*Конкур французчадан которгондо ат мелдештери дегенди билдирет. Белгилүү бир тартиптеги жана бийиктиктеги, татаал тоскоолдуктарды багынтуучу ат мелдеши.*










# Швеция таштандыны кайра иштетүү төңкөрүшүн кантип жасады?

Бүгүнкү күндө Швеция таштандылардын бардык түрүнүн 99%ын кайрадан иштетип чыгарат. Бул өлкө калдыктарды ушунчалык жакшы иштеткендиктен, коңшу өлкөлөрдөн 700 миң тонна таштандыны импорттойт. Алар энергияга болгон муктаждыктарын камсыздоо үчүн таштанды импорттоого мажбур.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ




Азыркы учурда Швецияда таштанды деген түшүнүк дээрлик жокко эсе. Турмуш-тиричилик калдыктарынын 99%ы кайра иштетилип чыгарылат. Акыркы он жылдыкта өлкөдө бул жаатта чыныгы төңкөрүш болду десек болот. 1975-жылы калдыктардын 38%ы гана иштетилген. Эреже боюнча таштандыларды кайра иштеткен станциялар адамдар жашаган аймактардан 300 чакырым алыс жайгаштырылган. Шведдердин көпчүлүгү калдыктарды үйлөрүнөн эле иргеп, атайын контейнерлерге сакташып, же болбосо калдыктарды жок кылган атайын бекетке жеткирип турушат.

## Кайра иштетип чыгууга жол

“Шведдердин мындан да көп нерсени жасаганга мүмкүнчүлүгү бар. Бардык материалдардын жарымынан көбү күйгүзүлүп, энергияга айландырылат”,-дейт калдыктарды жок кылуу ассоциациясынын генералдык директору Вайн Вигвист.

Жаңы өндүрүм жаратуу үчүн, эски материалдарды же өндүрүмдөрдү кайрадан пайдаланса энергия аз кетет. Бул – бир нерсени өрттөп жиберип, нөлдөн баштап кайра жасаганга караганда пайдалуу. Биз максималдуу түрдө калдыкты таптакыр жок кылып жибергенден көрө, аны кайра иштеткенге басым жасайбыз. Ошол эле учурда шведдердин үй чарбачылыктары гезитти, пластикти, айнекти, электр колдонмолорун өз-өзүнчө чогултканды адат кылып алышкан. Көптөгөн муниципалитеттер тамак-аш калдыктарын өзүнчө иргеген жарандарды сыйлап турушат.

Кайрадан иштетилген газеталар кагаз массасына, пластикалык контейнерлер пластикалык сырьёго, бөтөлкөлөр кайрадан пайдаланылып же болбосо эритилип жаңы элементтерге айландырылат. Тамак-аш калдыктары ачытышып, биогаз, жер семирткич жасашат. Таштанды ташыган унаалар кайрадан иштетилип чыккан электроэнергия, же болбосо биогаз менен жүрөт. Таштандыдан сарыккан суулар ушунчалык даражада тазалангандыктан, аларды ичсе дагы болот. Атайын шайланган унаалар шаарды кыдырышып, электрониканы, химиялык коркунучтуу калдыктарды алып кетип турушат. Фармацевттер дарылардын калдыктарын чогултушат. Эски телевизор, сынган эмерек сыяктуу көлөмдүү таштандыларды шаарлардын четиндеги кайра иштетүүчү борборлорго жеткирип турушат.



## Калдыктардан алынган энергия

Шведдер калдыктардан арзан энергия алуу үчүн, турмуш-тиричилик калдыктарын кайра иштетип, эффективдүү жана пайда алып келүүчү технологияны иштеп чыгышкан. Ал гана турсун коңшу өлкөлөрдөн жылына 700 миң тонна таштандыны импорттошот. Күйгүзгөндөн калган күл таштандынын мурунку салмагынын 15%ын гана түзүп, сорттолуп, иштетүүгө кайрадан жөнөтүлөт. Күлдүн калдыгын чачышып, андан жол курулушунда пайдаланылуучу гравий алынат. Ошондо таштанды сактоочу жайда 1% калдык гана сакталып калат. Таштанды өрттөгөн заводдордон чыккан түтүн 99,9 пайыз токсиндүү эмес көмүртектин жана суунун эки окисинен турат. Бирок, аны кургак фильтрден жана суудан өткөрүшүп, фильтрден калган шлак менен иштебеген шахталарды толтурушат.

Швецияда эч ким “калдыктарды иргегиле” деп кыстабайт. Бардык нерсе пайдалануудагы аң-сезимдүүлүккө негизделген. Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча көптөгөн агенттиктер бийликтен таштанды чогултуучулардын салыгын көбөйтүүнү талап кылып турушат. Көптөгөн экоактивистер: “Ушинтип гана жарандарды таштандынын жалпы көйгөйлөрүнө болгон ынтызарлыгын арттырса болот”, – деп ишенишет.

Швеция Өкмөтү өндүрүшчүлөргө сапаттуу товар чыгарууга кубаттоочу программаларды иштеп чыгып турушат. Ошондой эле бул жерде уулуулугу аз элементтерди өндүрүштө азыраак пайдалануу сунушталууда. Кээ бир компаниялардын өз товарларына оңдоо иштерин жүргүзгөндүгү үчүн салыктар азайтылат.

Швециянын Хельсинборг шаарында таштанды сала турган кутуларга атайын музыкалык плеерлер орнотулган. Таштанды салган учурда алар ар дайым жагымдуу музыка ойноо баштайт.

“Таштандылардан эч нерсе калтырбоо”- деген ураандын алдында бардык таштандыларды кайра иштетип, жетишкендиктердин туу чокусуна жеткибиз келет. Бул процесске биз баш-отубуз менен кызыгып алганбыз”, дейт Вигвист.

Ал эми Кыргызстандагы таштанды маселесиндеги абал дагы деле болсо кайра жаачу уулуу булуттай болуп, салаңдаган бойдон турат. Өзгөчө калк жыш жайгашкан борборубуз Бишкекте таштандыны кайра иштетүү түгүл, утилизация маселеси кыйын болуп жатпайбы. Калаабыздын түндүгүндө жайгашкан Бишкек санитардык полигонундагы учурдагы көрүнүш тээ орто кылымдардагы чоң шаарлардын мойсоп кеткен улуу тумоонун караанына окшойт. Бири-бирин түшүнүшө албаган жетекчилик менен кызматчылары жеке кызыкчылыктары үчүн бүгүн таштанды талаасында бири-бирин көздөй чоң казатка аттанганы турушат. Кудай өзү эле сактасын! Мезгил жай. Булар минтип жааттaшып, тирешип турганда “калаабызда экологиялык, эпидемиологиялык коркунучтуу кырдаал жаралбайт” деп ким кепилдик берет. Тазалыкты сүйгөн, жаратылыш менен мамиленин таттуулугун сезе билген акылман кыргыз журту кайда? Көчкөндө журтун тазалап, иреттеп кеткен маданияты кайда? Атайын эл журт ишеним артып, “ушулар шаардын тазалык сакчылары, кылган иштеринде соопчулук көп” деп турганда болор-болбос тыйын үчүн жаатташкандардын кылган ишине жол болсун. Ошол жерде таштанды тытып, бөтөлкө чогултуп колдору кара көө болгон энелерди, ажелерди көргөндө жашагың келбей кетет экен. Арданат экенсиң. Кичирейет экенсиң. Эл катары жоголуп кетпесек, Швециянын деңгээлине бери жагы жүз жылда жетип калат окшойбуз...

Тазалыкты сүйгөн, жаратылыш менен мамиленин таттуулугун сезе билген акылман кыргыз журту кайда? Көчкөндө журтун тазалап, иреттеп кеткен маданияты кайда? Атайын эл журт ишеним артып, “ушулар шаардын тазалык сакчылары, кылган иштеринде соопчулук көп” деп турганда болор-болбос тыйын үчүн жаатташкандардын кылган ишине жол болсун.

*Макалада Швеция мамлекетинин sweden.se расмий сайтынын маалыматы колдонулду.*

# Желеге чырмалышкан өмүрлөр

**Учурда интернет ааламга кулачын жайып, бүткүл дүйнөнү ээлеп алган убагы. Адамдарды желесине чырмаган интернеттин пайдасынан да кесепети көп.**

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Замандын талабы менен адамдар виртуалдык жашоодо күн кечирип калышкан. Мунун натыйжасында "Интернет көз карандылыгы" деген жаңы психикалык оору түрү пайда болду. Бул сыркоонун биринчи белгилери кадимки байланып калуу оорулары сыяктуу эле, көз каранды объекттен алыстаган учурда гана билине баштайт.

Психологдордун айтуусу боюнча оорунун туткундарынын уйкулары качат, коркуу жана ар нерсеге кабатыр болгон сезимдерге туш болуп, заман мейкиндигинде өздөрүн жоготушат. Жасалган изилдөөлөр соцтармактарда кыймылсыз жана көпкө отуруу аң сезимдин өзгөрүүсүнө алып келээрин көрсөткөн. Бул илдетке чөгүү убакыттын өтүшү менен адамды ойлонуу жана үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.


### Башка өлкөлөрдө "Интернет көз карандылыгы"

Финляндия өлкөсүндө интернет көз карандылыгы оору катары кабыл алынган. Ошол себептүү эркек интернет наркомандардын аскердик милдетин өтөөлөрүн кийинкиге калтырышат.

Кытайда бул психикалык оору менен күрөшүү максатында көптөгөн мекемелер иштейт. Бирок дарылоолодо катаал ыкмалар колдонулат, башкача айтканда электрошок. Белгилүү кытай психологу Тао Хункай: "Электрошок методу өтө эле оор, ал адамдарды дарылабастан тескерисинче терең психикалык шокко алып келет, бирок ошонусуна карабастан колдонулуп келүүдө. Азыр Кытайда интернет көз карандылыгынан арылтуучу көптөгөн мекемелер бар, бирок эч ким тарабынан көзөмөлдөнбөгөндүктөн тажрыйбасы жоктору арбын", – дейт ал сөзүндө. Электрошок менен дарылоодон биринчилерден болуп 15 жашар Дэн Сэньшань аттуу өспүрүм каза тапкан.

> 22 жаштагы айым өзүнүн үч айлык баласын Фэйсбуктагы "Бактылуу фермер" аттуу оюн үчүн өлтүргөн.

Түштүк Кореяда интернет желе наркомандарынын өлүүлөрүнүн арбындыгы 2002-жылы врачтардын көңүлүн бурган. Интернетке көз каранды болгондор үчүн атайын электрондук дарылар ойлоп табылган.



### "Баламды чоң ата-энесине жиберип компьютерден алыстаткам"

Майрам эженин 14 жаштагы уулу компьютер оюндарына берилип, виртуалдык жашоого кирип кеткен: "Уулума туулган күнүнө карата атасы компьютер белек кылган. Ошол күндөн баштап сабактарынан алыстап, күнү-түнү оюн ойноп калган. Урушсак таарынып, сөз укпачу. "Чоң ата-энеңди караганга эч ким жок" деген шылтоо менен айылга жөнөтүп, компьютерден араң ажыраткамбыз", – дейт Майрам айым.

### "Интернет көз карандылыгы" оорусунун курмандары

Айтылуу дартка кабылып, жан кыйган фактылар дүйнө жүзүндө күн санап өсүүдө. Алардын бири Энгельс шаарында жашаган 15 жашар кыз. Өспүрүм чатырдан боюн таштап көз жумган. Мындай өлүмгө социалдык тармактагы өздүк баракчага коюу боюнча фото-сессия жыйынтыгы себеп болгон.

2011-жылы Кытайдын борбору Пекиндеги интернет кафелердин биринде 33 жаштагы тургун каза тапкан. Ал өмүрүнүн акыркы 27 күнүн дүйнөлүк желеде өткөзүп, тез даярдалуучу кесме менен гана тамактанган.

Флорида штатында жашаган 22 жаштагы айым өзүнүн үч айлык баласын өлтүргөн. Мындай үрөй учурган кылмышка, ымыркай көп ыйлап энесине Фэйсбуктагы "Бактылуу фермер" аттуу оюн ойноосуна тоскоол жаратканы себеп болгон.

### "Кардарлар түнү менен интернет салонубузда олтурушат"

Бишкек шаарынын интернет салондорунун бирин иштеткен Нурсултан мырзанын айтымында ал жумушуна эртең менен саат сегиздерде келип, таңкы төрттөрдө бошойт. Нурсултан: "Биздин кардарлардын дээрлик баары жаштар. Эртең менен өспүрүмдөр келсе, кечкисин студенттер, орто жаштагылар келет. Башында 9 саат иштечүбүз, талап көп болгондуктан 24 саат иштеп калдык. Кардарларыбыз түнү менен интернетте олтурушат, көбүнчө сайттарга кирип, кино көрүшөт. Туруктуу кардарларыбызды да жаттап калганбыз, дайым белгилүү убактарда келишип, демейде отурчу орундарында олтурушат", – дейт.

### Оорудан айрылуу үчүн компьютерди сындыруунун кереги жок

Адистердин айтымында өзүңүздөн же жакындарыңыздан интернет көз карандылык оорусунун белгилерин байкасаңыз ызы-чууга алдырып, дүрбөлөңгө түшүүнүн пайдасы тийбейт. Жөн гана атайын психологдорго кайрылып, көйгөйдөн арылуу керек. Эгер психотерапевтке кайрылууну калаабасаңыз, өздүк көзөмөлдү күчөтүү зарыл. Буга интернетти колдонуу графигин түзүп алуу сунушталат.

# Айкөлдүн түрдүү сүйүүсү – 3

## Башкуядагы хайлалоо алдындагы чатактар

(КООМДУК-САЯСИЙ САТИРА)

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



Айкөл короосуна кирип тытынып иштемиш болгону менен эч кандай деле жумушу арбыбай койду. Чынында бул анын жалкоолугунан же мажүрөөлүгүнөн деле болгон жок. Жөн гана аркы-беркини ойлоп санаасы тынбай жатты. Баса, чындап иштесе Айкөлгө иш түткелбей калаарын баары эле билет. Анан калса бир нерсени тез үйрөнүп ала коймосу да бар. Тиги Руслана менен Океана бекеринен буга жабышып атыптырбы. Так ушу колунан келе турган жигит болгону үчүн экөө эки жагынан чыгып талашып атат да. Кимиси болбосун муну эптеп күйөө бала кыла коюп кулундай иштеткиси бар. Бирок, бул деле алардын максатын тээ түпкүрдөн сезип турат. Ооба, баарын жүрөктүн түпкүрүнөн сезет. Бирок, ушу Айкөлдүн кенебестиги жаман да. Кайдыгерлиги, кенебестиги, момундугу, анан аты айтып тургандай айкөлдүгү гана кээде мунун бактысына балта чаап тургандай сезилет. Тиги эки шүмшүктүн кыйдылыгын билип турса да "колдорунан эмне келмек эле" дегенсип кенебей койгону, же анча мынча кылыктарына көз жумуп кайдыгерлик кылганы, а кээде өзүнүн ата-бабасынан бери келаткан адатына салып, жөндөн жөн эле төгүлүп чачылып берешен болуп кеткени беркилер экөөнө тим эле жага бербей калат. Оо ал экөөнө ошол эле керек да. "Жаманга кашык сунсаң беш ууртайт" дегендей алар дагы босогосун ачса төрүнө өтө качып жаман көнүп баратат. Айкөл болсо кээде ачуулана кеткени менен баары бир анысын көп билдирбейт. Айкөлдүк деген ошондой болот тура көрсө. Эхх...

Айкөл колундагы күрөгүн бир жерге жөлөй коюп жанында турган ташка көчүк басты. Анын көзүнө бут алдында жайнап жүргөн кумурскалар илинди. Дагы баягы айкөлдүк сапатына салып "кокус арасынан бирөө-жарымын тебелеп албайын" дегенсип буттарын көтөрө калды да, эби келбей турса да таштын үстүнө бүктөлүп отурду. Анан так ошол быжыраган кумурскаларды тигиле карап, кудум алардын жашоосун түшүнүп аткандай, кудум ошолор менен аралашып жашап аткандай берилип карай баштады. Аз-аздан алардын ийреңдеген жолдорун, ар кайсы жерге салган уяларын, каршы-терши тынымсыз чуркаганын карап отуруп кадимкидей аралашып жүргөндөй сүңгүп кирип баратты. Балким уктап бараттыбы, же дагы бир башка бирдемелер болдубу, айтор Айкөл өз короосунун кумурскаларынын жашоосуна кадимкидей аралашып, кадимкидей кирип баратты... кумурска менен кумурска болуп аралашып баратты....

***

- Биз эч бир кошуналарга кол салбайбыз. Бизде андай ой да жок. Бирок, кимдир бирөө бизге катыла турган болсо тумшугун талкалап коюуга даярбыз, - деп сүйлөп жатты кумурскалардын башчысы өз элине.

- Туура айтасыз, туууптуура урматтуу уяхан, - деп кубаттай кетти аны жанында турган бир нече кумурска. Бирок, жанагы жан алы калбай колдоп аткан кумурскалар мындай чыгаары менен эле өздөрүнчө наразыланып сүйлөнө башташты.

- Жеткен галдир неме ушул. Качан болбосун тантыйт да турат. Уяхан деген уяхандай болбойбу. Карачы тиги Казталаанын уяханын. Ар бир сөзү тим эле атылгандай тийет, - деди бирөө өзүнчө күңкүлдөп. Анысын дароо эле экинчиси илип кетти.

- Оой бул биздин уяхан кайда барса галдирайт да турат. Башында эле галдирап баштаган бул. Тиги Орсуяга барганда сүйлөгөнү эсиңдеби? Биздин Атактуу Баатыр дагы ушул Орсуялык. Орсуяда төрөлгөн дебеди беле.

- Ээ, досум, аны унутпай калайын. Аз жерден Атактуу баатырды орси кылып ийе жаздаган. Ошондо эле буга таң калгам. Деги мунун сүйлөй турган сөздөрүн кайсы гисар даярдайт я? Буга караганда карыса да тиги Пахталаанын уяханы жакшы сүйлөйт. Өткөндө да билесиңби, ал биздин уяхан Шашаны айбай жаман кылбадыбы.

- Ооба. Байкуш Шаша айтаарга кеп таппай калды го чиркин. Бирок, чынчынында ошол күнү Пахталаанын уяханы жөндөн жөн эле дөөрүп койду. Алжып калса керек бечара.

- Анын чын. Алжып калса керек. Эми ал качанкы Слам Крамир.

- Анан дагы тим эле акыркы кезээзин айтып аткансып кечке акыл айтканычы анын. Өлөөрү жакындап калса керек. Бирок, баары бир ошол күнү кайран Шашанын шайын кетирди. Хихи.

Булар минтип ушакташып отурганда, Башкуянын кык төккөн жайында кандайдыр бир кичинекей чатак чыгып кетти. Ооба, саңырсыган сасык талаада муруттарына чейин баткак болгон кумурска менен курсагы чыккан кумурска чатакташып жатты.

- Мени деген ХЭР деп койот. Карап тургун керек болсо сени жумуштан алам. Мындан кийин Башкуянын кыгын сен тазалабайсың, - деп кыйкырды аягында жанагы курсактуу неме.

- Бошотсоң бошотуп сал. Кыйраткан жумуш берип койдуң беле. Көп болсо кык тазалабай калаармын, - деп беркибото ла да жооп берип жатты. Акыры жанагы өзүн ХЭР атаган кумурска улунуп-жулунуп атып ботала кумурсканы кууп тынды.

Көрсө жанагы бечара шалтактаган кумурска булардын борбор шаары Башкуянын таштандысын тазалап иштейт экен. А берки ХЭР болсо толгондон ошого келип кыйын болуп "жумуштан алам" деп атыптыр. Кызык. Көрсө кептин баары ошо ХЭРде жаткан тура. Тигине, тигил экөө урушуп атканда бери жакта турган кумурскалар наараз болуп күңкүлдөп жатышты.

- Башкуя Башкуя болгону ушу Клумакс ХЭР болгондогудай кыкка толгон эмес. Эмне эле кылып атат белгисиз. Башкуялыктар "акыры уя кыкка толуп кетти" деп наараз болсо бул башка жолун тапкандын ордуна келип алып тытынып иштеп жүргөн кыкчыга кыйкырганын кара. Ой кыкчыларга бөлүнгөн капуста кайда кетип атат, мен ушуну түшүнбөй койдум.

- Ээй, аны айтсаңар бул ХЭР кыйын экен. Жакында ушул Башкуянын кыгын көң кылганга дейби, же тезек кылганга дейби айтор четкуядан бир канча түмөн капуста келет экен. Бирок, бу Клумакс анын да айласын таап койуптур. Ал капустаны түздөн түз Башкуянын кыкканасына бөлдүрбөй, өзүнчө чөнтөк ачып ошого котортот экен. Ошону менен кыктан көң жазайбы, тезек жазайбы айтор ошонун баары Клумаустын чөнтөгүнө кетет дагы, Башкуянын кыкканасы баягы эле таз кейпинде калат имиш.

- Омээй анда бул Куку Клумакс балээ экен я. Шүмдүгүң кур. Деги бул бизде "кыкка түшсөң байыйсың" деген кеп бекеринен айтылбаптыр ээ. Негизи эле Башкуяга ким ХЭР болсо болсун дароо барып ошол кыкканааны өзүнө караткаңга ашыгат дешет го.

- Анан эмне? Сен экөөбүз ыргыткан кык менен семирип атпайбы бу ХЭРлер. Бирок кайра эле ошол кыктын капустасы менен экөөбүздү алдап коюшат. "Капуста колдун кыгы" деп бабалар бекер айткан эмес да балакай.

Мындан сырткары, дагы бир топ кептер болду Башкуяда. Шүмдүгүң кур, булардын жашоосу эми өзүнчө эле керемет тура. Тигине башына тегерек жалбырак жабыштырган тартип сактоочу кумурскалар өздөрүнчө уу-дуу боло башташты. Жергиликтүүлөр аларды жөн гана «тинт» деп да коюшат экен. Кызы кимди болбосун кармай калып тинте беришкенинен тинт деп коюшкан го. Ошол тинттердин бирөөнө Саякатчы кампа башчысы Макш Чатки капуста берип атып кармалган имиш. Бул тууралуу да кумурскалар бир пикирге келе албай күбүр шыбыр кылып жатышты.

- Тим эле бизди галдир ойлошот. Азыр тинтке ким ишенсин. Анын үстүнө жакында хайлалоо болгону турат. Мыркиялар эптеп эле бири-бирин каралоонун айласын издеп калган. Бул жөн эле оюн болуп калды, - деп бири айтса, дагы бири,

- Кармасын ошентип. Бул данекбаштарды биз ар кимге капуста берсин деп хайлалаттыкпы. Хайлалоо жакындаганда бир иштегени эле болбосо булар беш жыл бою жыргап гана жатышат, - деп зырылдады.

Айтмакчы, булардын өлкөсүндө уяхандан башка колуна бир топ бийлик тийген бир канча кумурска да бар болчу. Ал кумурскалар данекбаш деп аталып, ар бир беш жылда бир хайлалоодон өтүп турат. Бирок, ал данекбаштарды жалпы кумурскалар анча деле жактыра беришпегенсийт. Анткени менен көпчүлүк кумурскалардын данекбаш болууга жанталаша аракет кылганы да өтө таң калычтуу. Кудум Руслана, Океана сыяктуу айымдардын кылыктангандай эле кеп да бул. Жактырбайт бирок, ошондой болууга аракет кылат...

АДАЛСТРОЙПЛАСТ
«Адал Строй Пласт»
Металлопластиковые окна и двери



ТЕПЛО
БЕЗОПАСНО
СВЕТЛО
ТИХО
Адрес:ул. Фрунзе 387, 2-этаж, г. Бишкек, Кыргызстан
Телефон: 996 312 36 90 10
Мобильный: 996 555 45 22 23
interglass Bauplast asas

GREEN CITY
eco hotels & resorts



greencity.kg
Отель Greencity
проспект Мира, 16
Услуги:
Аренда конференц зала, вместимостью до 50 чел.
SPA (сауна, хамам, все виды массажа)
Ресторан (фуршеты, банкеты, бизнес ланчи, кофе-брейки до 50 персон)
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Нурсалам
кафе * чайкана
Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге
Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595
Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет

СТРОИТЕЛЬНАЯ КОМПАНИЯ
D·CENTER
КУРУЛУШ КОМПАНИЯСЫ
+996 312 93 98 88
+996 552 94 26 96
+996 778 93 98 88
www.d-center.kg



33 000 $дан баштап батирлер жана кеңселер
12 айда бөлүп төлөө мүмкүнчүлүгү менен

Салон белорусской мебели "Э-Лира"
Адрес: г. Бишкек, ул. Ахунбаева, д. 48 (угол ул. Бектенова), тел.: +996 /312/ 88 09 84, моб.: +996/550/ 70 44 88



# Прайс-лист

"Сaресеп" гезитине модулдук реклама жана PR материал берүү үчүн

| **Модулдук реклама:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
|---|---|
| 1-бет | 30 сом, |
| Түстүү беттерде (8-9, 16-беттер) | 25 сом, |
| Түссүз беттерде | 15 сом, |

*Модулдук рекламаны жасоо +30%*

| **PR-материалдар:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
|---|---|
| Түстүү беттерде (1, 8-9, 16-беттер) | 25 сом, |
| Түссүз беттерде | 20 сом, |

*Кыргызчага которуу +20%*
*Гезиттин журналисти тартылса +20%*

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Жаркын Жаныбек кызы.

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Даткайым Азамат кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы.

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 25-22-52
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:** 5500
**Буйрутма №1426**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП